## Ош мамлекеттик университетинин дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин окуу методикалык комитетинин 2023- жылдын 21 - июнунда өткөн отурумунан

## Көчүрмө

**Катышкандар**: Окуу- методикалык комитетинин төрайымы, коомдук предметтерди тейлеген кафедралардын өкүлдөрү жана программа жетекчилери .

**Күн тартиби:**Университет тарабынан КР Улуттук өнүктүрүү программасынын алкагында бүтүрүүчүлөрдүн комплекстүү компетенцияларын түзүү, Мамлекеттик билим берүү стандарттарын (МББС),негизги билим берүү программаларын (НББП) жана окуу пландарын (ОП) иштеп чыгуу жөнүндө.

## УГУЛДУ:

**ДТМФнын окуу методикалык комитетинин төрайымы,ф.и.к., доцент Сагындыкова Р.Ж.:** Урматтуу бүгүнкү отурумдун катышуучулары, КР билим берүү жана илим министрлигинин тескемесинин негизинде Мамлекеттик билим берүү стандарттары ,негизги билим берүү программалары жана окуу пландары иштелип чыгып бүгүн талкууга коюлуп жатат. Сиздердин алдыңыздарда биздин бүтүрүүчү моделибизге зарыл болгон компетенциялар көрсөтүлгөн. Албетте, бул компетенциялар 2021-жылдагы стандарттын негизинде түзүлүп, бул компетенциялардын негизинде биз предметтерди тандап алганбыз. Базалык бөлүктө университет тарабынан берилген компоненттер факультеттин окуу -усулдук бирикмеси менен биргеликте талкууланып,окуу пландан математика жана экология предметтерин алып салууну туура көрдүк. Кесиптик ишкердик (Предпринимательская деятельность) предмети киргизилип, информациялык технологиялар,кыргыз тили,орус тили,философия,укук таануу,социология предметтери окуу планында калтырылды.Маалымат менен таанышып чыгып ой- пикириңиздерди айтсаңыздар.

## Сөзгө чыкты:

**МИТ факультетинин деканы,ф.-м.н.к, доцент Сопуев У.:** Бүгүнкү күндө биз ар тараптуу өнүккөн инсанды даярдап жатабыз. Ошондуктан эгерде биз 2021-жылдагы стандартты негиз,шаблон катары кабыл алсак биз стейкхолдер катары лингвистика жана филология багытында окуп жаткан студенттердин аналитикалык жана логикалык ой жүгүртүүсү жакшы болуш үчүн биз математика предметин киргизүүнү сунуштайбыз.Филологиялык билим берүүдөгү ИК-3 компетенциясына ылайык кандайдыр бир чечим кабыл алуу үчүн аналитикалык ой жүгүртүүнү, ал эми СЛК-1 компетенциясына ылайык алган билимди студент жашоодо колдонуусу үчүн логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүбүз керек. Компетенттүүлүк,менин түшүнүгүм боюнча, бул- ар тараптан өнүккөн дегенди билдирет,башкача айтканда биздин бүтүрүүчүлөрүбүз логикалык жана аналитикалык ой жүгүртүүсү жогору,чечимдерди туура кабыл алган адис катары калыптанышына биз кызыктарбыз. Дагы баса белгилеп кетчү нерсе,азыркы учурда дүйнө жүзү боюнча математизация,информатизация жана санариптештирүү учурдун талабы

болуп жатат. Кайсы гана тармак болбосун математикасыз алдыга жылуу жок. Ошондой эле бүгүнкү күндө биздин университет илим изилдөөчү университетке өтуп жатат. Албетте,математикасыз ал нерсеге жетишүү мүмкүн эмес.

**Америка жана котормо таануу кафедрасынын башчысы, ф.и.к., доцент Аипова Г.Б.:** Агай,сиздин оюңузга кошулабыз,бирок окуу планын түзүүдө биз студенттердин да оюн эске алдык.Студенттер математика сабагын мектепте окугандыгын айтышып бул предметтен баш тартып жатышат. Мүмкүн математиканы биздин адистикке байланыштырып, программаны кесиптик кылып өзгөртүп" Кесиптик математика" предметин окутушса студенттерден башка ой-пикирлер чыкмак.

**Англис тилин окутуунун методикасы кафедрасынын башчысы, ф.и.к.,доцент Суркеева Д.Б.:**Бул маселе факультеттин окуу- усулдук бирикмеси менен биргеликте аябай кызуу талкууланган.Талкуудан кийин биз тилдик факультетке математика сабагы керек эмес деген чечимге келдик. Педагогика,информатика,методика сабактары көбүрөөк саат болуп киргизилсе деген студенттердин пикирин туура деп ойлойбуз.

**Торайым:** Рахмат! Анда эмесе стейкхолдерлердин оюн уксак.

**ОшМПУнун англис тили жана аны окутуунун усулу каф.башчысы,ф.и.к.,доцент Шамурзаев А.Ж.:** Жакшы идеялар айтылды.Мен математика сабагы бардык адистиктерде окутулуш керек деп ойлойм,бирок бул факультетте математика сабагы гана эмес башка коомдук предметтер да англис тилинде окутулса деген ойду айткым келет. Ошондо күтүлүүчү натыйжа да ишке ашат.Окуу планында англис тилинин практикалык курсу сабагы 240 саат менен чектелген,эгерде мүмкүн болсо ушул жана методика сабагынын сааттарын көбөйтүүнү сунуштайм. Менин оюмча ушул учурда гана чыныгы англис тилчи мугалимдерди жана котормочуларды даярдай алабыз.

**KGTESOL ассоциациясынын мүчөсү Ташиева М:** Азыркы мезгилде биз студенттер менен чогуу өнүгүп,алардын кызыгууларын сөзсүз эске алышыбыз керек.Эгерде бул факультеттин студенттери математикага кызыгышпаса анда алардын тармагы башка,ошондуктан тилчилерге тил эле окутулса жакшы болмок, же болбосо "Кесиптик математика "окутулса деймин.Мен математика жашоодо керек эмес дегенден алысмын.Эгерде математика киргизилсе анда жаңыланган,кызыктуу,мектепте окутулбаган программа менен окутулса деген ойдомун.

**№50- П.Нышанов атындагы орто мектебинин англис тили мугалими, стейкхолдер Маматова Н.Э:** Мен мектептин мугалими катары мектептеги көйгөйлөрдү атап өтөйүн. Студенттер мектепке практикага келген учурда биринчи эле көйгөйү- бул окуучулар менен тил табышуусу.Практика учурунда класска адаптация болушу үчүн көп убакыт талап кылынып жатат,бул деген баланын психологиясын,методиканы көбүрөөк үйрөнсө дегенди билдирет.Бул көрүнүш жылдан жылга кайталанып,маселеге айланып бара жатат.Кийинки дагы орчундуу маселе- бул тилди өздөштүрүүсү жана сүйлөөсү. Ушул көйгөйлөрдү көрүп туруп жогоруда аталган прфессионалдык компетенцияны калыптандырган сабактарды көбөйтүп, коомдук предметтерди азайтсак деген сунушту колдоймун.

**Төрайым:** Жогоруда айтылган сунуштарды эске алабыз. Профессионалдык компетенцияны калыптандырган предметтерди көбөйтүүнүн аракетиндебиз. 240 кредиттин 170 кредити проф.циклга бөлүнүп берилген,ошол жерден предметтерди талкуулаганбыз. Бизге керектүү, 5 жылдыкта окутулган аналитикалык окуу,риторика ж.б.у.с. предметтерди киргизип жатабыз. 70 кредит коомдук предметтерге берилип жатат. Математикадан башка дагы талашка түшкөн сабактардын бири –бул экология сабагы болуп жатат.Экологиянын ордуна буга чейин "Коопсуз билим чөйрөсү" аталыштагы предмети окутулуп,студенттерибиздин жакшы көргөн предметтеринин бири катары программага кошулду. Мындан сырткары факультеттин өзүнүн "Туруктуу өнүгүү " аттуу предмети да студенттер тарабынан жактырылып көп жылдан бери англис тилинде окутулуп келет.Окуу-усулдук бирикменин талкуусунан кийин экология предметин талкууга коюп жатабыз. Бул тууралуу өз оюңуздарды айтсаңыздар.

**Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин зоология жана жалпы экология кафедрасынын доценти,б.и.к., Көчкөнбаева Н.А.:** Азыр "Туруктуу өнүгүү" сабагын киргизгенибиздин негизги максаты-бул баарыңыздар билгендей,азыркы учурдагы глобалдык масштабдагы демография көйгөйү.Адамдын саны ушунчалык көбөйгөндөн аны биз токтото албай жатабыз. Өнүккөн өлкөлөрдүн мисалында карасак, Европа мамлекеттеринде жетишкен жашоодо жашаган учурда гана адам баласы көбөйүүнү ойлобойт экен. Ошондуктан БУУ нун 17 максаты коюлуп туруктуу өнүгүүгө көп көңүл бурула баштады.Бул болсо экологиялык проблемаларды чечүүнүн бир эле жолу. Экологиялык проблемаларды чечүүдөн мурун биз ошол проблеманын өзүн түшүнүшүбүз керек. Ошондуктан бул предмет киргизилген.Мен 2 кредит экологияга,2 кредит "Туруктуу өнүгүү "предметине берилсе деп сунуштайм. Эгерде тандоо курсу катары бул предметтер киргизилсе ,англис тилинде өтүп бере алабыз деп айта алам.

**Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин зоология жана жалпы экология кафедрасынын доценти,б.и.к. Атабаев У.А.:Экология** предмети башка предметтерден айрымаланып мектеп программасында окутулбайт,ЖОЖдордо гана окутулат. Дүйнөдөгү болуп жаткан проблемаларды ушул предмет гана үйрөтөт. Кыргызстанды деле алсак, өзүңүздөр билгендей,биздин мамлекет өткөн жылы эң абасы булганган мамлекеттердин катарына биринчи болуп кошулду. Абанын булганышынын себептерин,абанын составындагы газдарды,булганууну алдын алуу, чечүүнүн жолдорун ж.б.у.с. проблемаларды ушул предметтен үйрөнүшөт.

**Төрайым:** Чоң рахмат, бүгүн биздин талкууга катышып өз оюңуздар менен бөлүштүңүздөр. Анда эмесе жыйынды жыйынтыктасак. Сиздердин берген сунуштар , сын-пикирлер сөзсүз эске алынат.

Бүтүрүүчүлөрдүн комплекстүү компетенцияларын , Мамлекеттик билим берүү стандарттарын (МББС),негизги билим берүү программаларын (НББП) жана окуу пландарын (ОП) талкуулап,окуу усулдук комитет төмөндөгүдөй чечим кабыл алды:

**ДОБУШ БЕРИЛДИ:** "макул"-баары, "каршы-1"," калыс"-жок.

**ЧЕЧИМ**:

1. Математика предметинин окуу планы жаңыланып түзүлүп,”Кесиптик математика”болуп өзгөртүлсүн.

2. Кесиптик математика жана экология предметтери окуу планына 3-семестрден тандоо курсу катары 4 кредит менен киргизилип , англис тилинде өтүлсүн.

**ДТМФнын окуу -методикалык**

**комитетинин төрайымы :** **Сагындыкова Р.Ж.**

**Катчы:** **Узакбаева Б.М.**